**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**

**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**

**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛ ОКМОТУ**

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

27.03.2026. № 01-9/43 **Мундуз айылы**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-январындагы №20 токтомунун редакциясындагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы жөнүндө” Типтүү жобого, ошондой эле Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 27-февралындагы №50-т тескемесине ылайык, коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу максатында:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн коомдук коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адис Бедияров Э. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы болуп дайындалсын.
2. Ыйгарым укуктуу кызмат адамы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы №642 токтому менен бекитилген Типтүү жобону жетекчиликке алсын.
3. Ыйгарым укуктуу кызмат адамынын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр белгиленсин:
   - коррупциянын алдын алуу жаатындагы иштерди уюштуруу жана координациялоо; -
   - коррупцияга каршы иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү;
   - коррупциянын алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иштерди талдоо жана жалпылоо;
   - укук коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу.
4. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери ыйгарым укуктуу кызмат адамына анын милдеттерин аткарууда зарыл болгон көмөктү көрсөтүшсүн.
5. Коррупциянын алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалыматтарды белгиленген тартипте берүү камсыздалсын.
6. Бул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө башчынын орун басары Н.Садыковго жүктөлсүн.

**Башчы** **Д.Бокошов**

Кыргыз Республикасы Жалал-Абад областы Сузак району Кызыл-Туу айыл өкмөтү
Кыргызская Республика Жалал-Абадская область Сузакский район
ИНН 00602199710306

Сканировано с CamScanner